DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



***ЖУРНАЛИСТИКА***

***ЖУРНАЛИСТИКА***

***JOURNALISM***

*Какишов К.К.*

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДАГЫ КЫРГЫЗ ТИЛДҮҮ МЕЗГИЛДҮҮ БАСЫЛМАЛАРДЫН ТИПОЛОГИЯЛЫК МҮНӨЗДӨМӨСҮ ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

*Какишов К.К.*

# ТИПОЛОГИЧЕСКИЕ ХАРАКТЕРИСТИКИ И ОСОБЕННОСТИ КЫРГЫЗОЯЗЫЧНЫХ ПЕРИОДИЧЕСКИХ ИЗДАНИЙ В ГОДЫ НЕЗАВИСИМОСТИ КЫРГЫЗСТАНА

*K.K. Kakishov*

# TYPOLOGICAL CHARACTERISTICS AND FEATURES OF KYRGYZ-LANGUAGE PERIODICALS IN THE YEARS OF INDEPENDENCE OF KYRGYZSTAN

*УДК: 659.070.004/8.94 (575.2)*

*Бүгүнкү күнү дүйнөдө глобалдуу процесстер жана өзгөрүүлөр болуп жатканына байланыштуу кыргыз гезиттери кандай жол менен өнүгө турганы тууралуу, өздөрүнүн типологиялык мүнөздөмөсүн терең билүүсү зарыл. Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийин эл аралык журналистиканын стандарттарына багыт алуу менен мезгилдүү басылмалардын типологиялык түзүлүшүндө айрым өзгөрүүлөр кире баштайт. 1992-жылы кабыл алынган «жалпыга маалымдоо каражаттары жөнүндө» мыйзам ЖМКнын коомдук-саясий, социалдык-экономикалык жана укуктук багытын аныктады. Ага ылайык ЖМКны бир гана мамлекеттик органдардан сырткары, коомдук уюмдар жана республиканын жарандары ачууга укуктуу болуп калган. Ошонун негизинде медиаландшафтта Советтер Союзундагы гезиттерден айырмаланган жаңы басылмалар жарык көрүп, ошого байланыштуу салттуу типологиянын негизги критерийлерин концептуалдык жактан тактоо керектиги пайда болду. Мезгилдүү басылмалардын типологиялык өзгөчөлүктөрүн системалык түрдө изилдеш үчүн азыркы учурда алардын кимге таандык экендигин, жайылуу георафиясын жана тематикалык багытын аныктоо зарыл.*

***Негизги сөздөр:*** *мезгилдүү басылмалар, жалпыга маалымдоо каражаттары, сапаттуу басылмалар, массалык басылмалар, мамлекеттик басылмалар, жеке менчик басылмалар, республикалык гезиттер, аймактык гезиттер, коомдук-саясий гезиттер.*

*На сегодняшний день мир стоит перед новыми глобальными процессами и преобразованиями. И совершенно естественно, что в таких условиях кыргызоязычным газетам необходимо ясно понимать, по какому пути им необходимо развиваться дальше, четко осознавать свои типологические характеристики. С обретением суверенитета республики в типологической структуре кыргызоязычной прессы происходят определенные изменения, связанные со стремлением внедрить стандарты международной журналистки. Принятый в 1992 году Закон «О средствах массовой информации», предопределил общественно-политические, социально-экономические и правовые основы функционирования СМИ. Согласно данному документу правом учреждения СМИ могли обладать как государственные органы, так и общественные объединения и граждане республики. Так в информационном пространстве появились газеты, которые кардинальным образом отличались от советских изданий. Поэтому традиционная типология требовала концептуального уточнения ее основных критериев. Для системного изучения вопроса в статье рассмотрены типологические особенности кыргызоязычной периодической печати по таким параметрам, как форма собственности, география распространения и тематическая направленность.*

***Ключевые слова:*** *периодическая печать, средства массовой информации, качественные издания, массовые издания, государственные издания, частные издания, общереспубликанские газеты, региональные газеты, общественно-политические газеты.*

*Today, the world is facing new global processes and transformations. And it is quite natural that Kyrgyz-language newspapers need to understand clearly the way in which they need to develop further, to understand clearly their typological*

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



*characteristics in such conditions. Upon the sovereignty attainment of the republic certain changes are taking place in the typological structure of the Kyrgyz-language press which are related to the tendency to adopt the standards of the international journalism. Adopted in 1992, the Law "On Mass Media" predetermined the socio-political, socio-economic and legal foundations for the functioning of the media. According to this document, both state bodies and public associations and citizens of the republic can have the right to establish media. Since newspapers appeared in the information space that were radically different from the Soviet editions, the traditional typology required a conceptual clarification of its main criteria. For a systematic study of the issue the typological features of the Kyrgyz-language periodical press were reviewed in the article on such parameters as the form of ownership, geography of distribution and thematic focus.*

***Keywords:*** *periodicals, mass media, high-quality publications, mass publications, state periodicals, private periodicals, national newspapers, regional newspapers, social and political newspapers.*

Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан баштап, мезгилдүү басылмалар маңызы боюнча сапаттуу жана массалык болуп экиге бөлүнөт. Мындан сырткары гезит рыногунда ар кандай типтеги басылмалардын мүнөздөмөлөрүн камтыган гезиттер пайда болот. Мисалы, сапаттуу басылмаларга кирген гезиттердин массалык басылмаларга таандык элменттерди колдонгонун байкаса болот.

Сапаттуу мезгилдүү басылмаларга өкмөттүк гезиттерди киргизсе болот. Бул басылмалар мамлекеттин расмий көз карашын билдирип, терең саясий жана тарыхый процесстерди чагылдырууга аракет кылып, маалымат чөйрөсүндө маданий-агартуу милдетти аткарууга багыт алган. Өкмөттүк жана ведомстволук басылмаларда чагылдырылган темалардын гезит беттеринде жайгашуусунун бекем түзүлүшү калыптанган. Бул басылмалардын алдынкы беттеринде коом үчүн маанилүү деп эсептелген макалалар чыгарылып, такталбаган маалыматтарга, ушактарга жакын сенсациялык жаңылыктарга орун берилбейт.

Сапаттуу делген басылмалар маанилүү процесстердин маңызын терең түшүнүүгө түрткү болгон материалдарды чыгарууга аракет жасап, коом алдындагы социалдык жоопкерчиликке таянып, такталган фактылар менен иштөөгө аракет кылат. Материалдардын маңызы жана окурмандарга теманы ачыктап берүүсү жагынан аналитикага басым жасап, гезит беттеринде публицистикалык жанрдагы маалыматтарды чыгарат. Массалык гезиттерге салыштырмалуу сапаттуу басылмалар көңүл ачуучу жана сенсациялык мүнөздөгү материалдарга маани бербейт. Ошону менен алардын аудиториясы кыскарып, коомдук-саясий, тарыхый темаларга кызыккан окурмандар менен гана чектелиши мүмкүн. Бирок республикадагы сапаттуу басылмалардын материалдары көпчүлүк учурда интеллегенцияга багытталып, окурмандарды өзүнө тартуу жагынан массалык басылмаларга атаандаштыкты жарата албайт. Ушуга байланыштуу массалык басылма болуп саналган «Супер-инфо» гезитин мисал катары келтирсе болот. Бул гезит республикада эң көп нускалуу болуп саналат.

Кыргызстан эгемендүүлүктү алгандан баштап бүгүнкү күнгө чейин кыргыз гезиттердин типологиялык мүнөздөмөлөрү маанилүү өзгөрүүлөргө дуушар болду. Өлкөдөгү демократиялык абал, басма сөздүн коммерцияланууусу, окурмандардын маалыматтык муктаждыктарын камсыздоо басылмалардын келбетине жана маңызына таасирин тийгизди. Ошентип, айрым басылмалар сапаттуу жана массалык гезиттердин сапаттарын камтып баштап, азыркы мезгилде коомдук-саясий жеке менчик гезиттер көйгөйлүү маселелерди чагылдыруу менен биргеликте такталбаган маалыматтарды чыгаруусу адатка айланды. Мисалы,

***«Бизге жеткен маалыматтарга караганда*** *Башкы прокурорлукка Индира Жолдубаеваны президенттин аппаратынын тышкы саясат боюнча бөлүм башчысы Сапар Исаков сунуштап, анын сунушун А.Атамбаев колдоого алыптыр».*

***«Ак үйдөгү «ачык оозордун» айткандарына таянсак****, жоболондуу Жолдубаева Садыр Жапаровдун чырлуу китебинде айтылган «үч тонна алтындын чоо-жайын айтам» деп «жыландын башын кылтыйтыптыр»* [1].

Сапаттуу басылмалардын аналитикалык макалаларга басым жасаганы менен азыркы учурда массалык түргө кирген гезиттердин айрым сапаттарын окурмандарды кызыктыруу үчүн колдонуусу алардын медиа рынокто жашап калуу мүмкүнчүлүгүн арттырууда.

Кыргызстанда мезгилдүү басылмалардын типологиясы кимге таандык экендиги боюнча мамлекеттик жана жеке менчик болуп бөлүнөт.

Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийин жеке менчик гезиттер пайда болуп, мамлекеттик мезгилдүү басылмалар үчүн алар менен атандашуу кыйынга туруп калды. Себеби базар экономикасынын шарттарында мамлекеттик гезиттерге салыштырмалуу жеке менчик басылмалар окурмандардын ар кыл маалыматтык талаптарын орундатып, ар кандай тематикадагы материалдарды берип келишет.

Бирок жеке менчик гезиттердин айрымдары каражат жагынан кыйынчылык тартып, демөөрчүлөрдүн, айрыкча тигил же бул саясий күчтөрдүн жардамын издөөгө мажбур болушат. Ошентип, мезгилдүү басылмалар көз каранды болууга аргасыз болушат.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Гезиттердин жайылуу географиясына токтолсок, бүгүнкү күнү көпчүлүк жеке менчик гезиттер республикалык статуска ээ болгон мамлекеттик басылмалар сыяктуу эле өлкөнүн бардык регондорун гезит менен камсыз кылууда кыйынчылык тартышат. Бул басылмалар негизинен коомдук-саясий гезиттер. Кыргызстан эгемендүүлүк алгандан кийин каржылоо азайып, республикалык мезгилдүү басылмалардын нускасы кыскарганы белгилүү. Советтер Союзу убагында мамлекеттик гезиттердин нускасы 120 миңге жетсе, эгемендүүлүк жылдары 5-10 миңдин тегерегинде гана болуп калат.

Регионалдык басылмалар мамлекеттин маалымат саясатында чоң стратегиялык мааниге ээ. Бирок азыркы учурда аймактагы гезиттер 1000-3000 тегерегиндеги нуска менен гана чыгышат. Гезиттердин рыногу жакшы өнүкпөй, заманбап басмаканалардын жетишсиздиги алыскы аймактарда мамлекеттин натыйжалуу маалымат саясатын ишке ашырууга тоскоол болууда. Учурда мамлекеттик басылмалардын 48 райондук, 11 шаардык жана 12 облустук гезит өз ишин жүргүзүүдө [2].

Республиканын алыскы аймактарына мезгилдүү басылмаларды жеткизүү бир регион деңгээлинде гана эмес, жалпы республика боюнча актуалдуу көйгөй. Себеби республикалык статусу бар гезиттер аймактардагы окурмандардын кээ бир бөлүгүн гана камсыздашы мүмкүн.

Айрым региондорго басылмалардын кыйынчылык менен жеткирилүүсү ар кандай себептерге байланыштуу. Мисалы, Чаткал районунда кыш мезгили алты ай созулат. Кар көчкүлөрдүн айынан айылдар арасындагы жолдор жабылып, райондук «Чаткал оттору» гезити окурмандарга жол тазаланып бүткүчөктү жетпей калат. Ушул сыяктуу жана башка тоскоолдуктар: аймактык басылмаларда каражаттын, заманбап технологиянын жана жаңы кадрлардын жетишсиздиги республиканын маалымат коопсуздугуна коркунуч туудурган негизги себептердин бири болуп саналат.

Республика эгемендүүлүктү алгандан бери медиа рыногунда ар кандай тематикадагы гезиттер пайда боло баштап, айрыкча, Советтер Союзу мезгилинде чыкпаган материалдар гезит беттеринде орун алып калган. Мисалы, коомдук-саясий, маалыматтык жана көңүл ачуучу гезиттер менен бирге диний гезиттер, кримминалга арналган басылмалар чыга баштады.

Өз учурунда мамлекет дагы Орто Азиянын башка өлкөлөрүнө салыштырмалуу сөз эркиндигине тоскоолдук кылган жок. Демократиялык принциптердин өнүгүүсү менен көз карандысыз жалпыга маалымдоо каражаттары түзүлүп, гезит беттеринде курч саясий темалар кенен чагылдырылат. Ошого байланыштуу маалымат рыногунда коомдук-саясий басылмалар өзгөчө мааниге ээ болуп калган. Ошол эле учурда коомдук-саясий гезиттер бийликтин таламын талашкан жана оппозияциялык гезиттер болуп бөлүнө баштаган. Эскерте кетсек, мамлекеттин эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдарында коомдук-саясий кырдаалдын курчушу менен өкмөттүк «Кыргыз Туусу» жана оппозициялык маанайдагы «Асаба» гезиттердин арасындагы тирешүү орун алып, республикадагы алгачкы маалымат күрөшүнө түрткү болгон. Кыргызстандын эгемендүүлүктү алганына 28 жыл болуп, ушул мезгилдин аралыгында мезгилдүү басылмалар көпчүлүк учурда өздөрүнүн кожоюндарынын кызыкчылыктарын коргоп келет.

Коомдук-саясий мезгилдүү басылмалардан сырткары, башка тематикаларга кызыкдар болгон окурмандар арбын. 1991-жылдан баштап Кыргызстанда Конституцияга ылайык диндин өнүгүүсүнө эркиндик берилип, айрыкча Ислам дини абдан тез ылдамдык менен өнүгүп, бүгүнкү күнү бул динди карманган момун-мусулмандар республикада арбын экени белгилүү. Дин менен сөз эркиндигинин өнүгүүсү мамлекеттеги демократиялык процесстердин негизги бөлүгүнүн бири болуп калды. Ошентип, эгемендүүлүк жылдары гезит рыногунда айына бир жолу чыккан «Ислам ажары», «Ислам маданияты», «Ислам нуру», «Күзөтчү мунара», «Коом жана үй-бүлө», «Сенин жолун», «Үмут нуру», «Шариат» сыяктуу гезиттер чыгарылып келген. Бул гезиттердин нускасы 2500-5000 тегерегинде. Алардын негизги максаттарынын бири агартууга басым жасап, окурмандарга динди туура түшүнүүнү жеткирүүгө багытталган.

Аял затына арналган мезгилдүү басылмалар өлкөнүн эгемендүүлүгүнүн алгачкы жылдарында тез ылдамдык менен өнүгүп баштаган. «Асылзат», «Кыздын сыры», «Аялзат», «Тунук» деген гезиттерде сулуулукка, модага, улуттук каада-салтка байланыштуу материалдар чыгарылат [3]. Албетте, бардык эле гезиттер өз ишин ийгиликтүү уланта алган жок. Айрымдары базар экономикасынын шарттарында каражаттын жетишсиздигинен жабылууга аргасыз болушту. Бүгүнкү күнү стабилдүү ишмердүүлүгү менен «Леди KG» гезити өзгөчөлөнүп турат. Бул мезгилдүү басылма кыска убакыттын ичинде Бишкекте гана эмес, алыскы аймактардагы окурмандардын арасында тез тааныла баштады.

Учурда балдарга арналган басылмалар республикада өтө эле аз. Алардын азыркы мезгилдеги нускасы Советтер Союзу убагындагы көрсөткүчтөн абдан эле аздык кылат. Эгерде XX кылымдын 70-жылдарында «Байчечекей» журналынын нускасы 75 миңдин тегерегинде болсо, учурда бул басылманын нускасы 7-8 миңдин тегерегинде. Бүгүнкү күнү борбор

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



калаада айыл жергесине караганда маалыматты ар кандай булактардан алууга мүмкүнчүлүк көбүрөөк. Ошон үчүн аймактарда жаш окурмандар гезит-журналдарга өзгөчө муктаж. Бирок Кыргызстанда чыгып жаткан басылмалар республикадагы окурмандардын аз гана бөлүгүн камсыздай алат. Балдар мамлекеттин келечеги. Жашынан алардын аналитикалык жөндөмүн, тил байлыгын, чечкиндүүлүк, даанышмандык жана башка жакшы сапаттарын калыптандыруу зарыл [4]. Ошондуктан мезгилдүү басылмалар рыногундагы көйгөйлөрдү эске алуу менен мамлекет балдарга арналган мезгилдүү басылмаларды көбөйтүү, алардын сапатын жакшыртуу саясатын ишке ашыруусу зарыл.

Балдарга арналган гезит-журналдардын аянычтуу абалына бир нече жагдай таасир кылат: жаштардын гезит-журнал жана адабият окууга болгон кызыгуунун азаюусу; аудиториянын сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн алсыздоосу; бул тармакта реклама рыногунун иштебегендиги жана  гезит-журналдарды жер-жерлерге жеткирүүдөгү ар кыл кыйынчылыктар болуп саналат.

2013-жылы КР маданият жана туризм министрлиги республикадагы мезгилдүү басылмаларга «Рубикон», «Учкун» жана «ЖМКга көмөк көрсөтүү борбору» басмаканалардын берген маалыматы боюнча изилдөө жүргүзүп, анын натыйжасында көпчүлүк окурмандар көңүл ачуучу гезиттерди окуй турганы тууралуу аныкталган. Бул гезиттердин катарына «Кирпи Шоу», «Кроссворддор» жана «Супер-инфо» кирген.

Бул гезиттер ар кандай тематикадагы материалдарга басым жасашат. Себеби коомдук-саясий гезиттер саясат же тарых менен кызыккан окурмандар менен гана чектелсе, көңүл ачуучу басылмалар коомдогу бардык социалдык катмарларды, өзгөчө жаштарды тартууга аракет кылат. Ошон үчүн мындай мезгилдүү басылмаларда саясий темалар көңүл ачуучу материалдардан аздык кылат.

**Адабияттар:**


1. Тышкы эле эмес, ички саясатты дагы колго алдыбы? // Алиби. - 2015. - 27 янв. - 1-б.
2. Национальный доклад КР для ООН. Региональная пресса Кыргызстана находится в плачевном состоянии. URL: http://www.for.kg/news-158796-ru.html
3. Кыргыз журналистикасынын тарыхы: Окуу китеби. Башкы редактору: Бакашова Ж.К. - Бишкек: Ж.Баласагын ат. Кыргыз Улуттук университети, 2002. - 208-б.
4. Исманова Н.А. Заманбап кыргыз коомундагы үй-бүлө институтунун өнүгүү келечеги. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - Бишкек 2017. - №3. - С.218-221.